# СЕТИМЕД

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Сетимед
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**: Левоцетиризин
**Дарынын түрү:** ичип кабыл алуу үчүн сироп.
**Курамы:** ар бир 5 мл төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*
Левоцетиризин дигидрохлориди 2,5 мг
*Көмөкчү заттар:*
моногидрат лимон кислотасы, бронопол, сахароза, суюк сорбитол (сорбитолдун эритмеси 70%), натрий этилендиаминтетраацетат (ЭДТА), натрий бензоат, глицерол (глицерин), малинанын эссенциясы, Sunset Yellow FCF боёгучу, тазартылган суу.
**Сүрөттөмөсү**
Ачык-кызгылт-сары тунук суюктук.
**Фармадарылык тобу:** Респиратордук системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Системалуу таасир берүү үчүн гистаминге каршы препараттар. Пиперазинден өндүрүлгөндөр. Левоцетиризин.
**АТХ коду:** R06AE09.
**Фармакологиялык таасири**
*Фармакодинамикасы:*
Левоцетиризин гистаминдин атаандаш антагонисти болуу менен, цетиризиндин энантиомери, Н1-гистаминдүү рецепторлордун бөгөттөөчүсү болуп саналат. Левоцетиризин дагы төмөнүрөөк дозада (2 эсе) таасир этүү менен, цетиризинге караганда Н1-рецепторлорго эки эсе көбүрөөк окшоштукка ээ; гистаминге каршы активдүүлүк боюнча цетиризинге барабар. 5 мг левоцетиризин 10 мг цетиризин сыяктуу дарылык активдүүлүккө ээ. Аллергиялык реакциялардын гистаминге көз каранды даражасына таасир берет, кан тамырчалардын өтүмдүүлүгүн жана эозинофилдердин миграциясын азайтат, сезгенүү медиаторлорунун бошонуусун чектейт, ушундан улам өрчүүнү эскертет жана аллергиялык реакциялардын жолун маанилүү жеңилдетет, экссудацияны жана кычышууну жок кылат. Левоцетиризин дээрлик анти - холинергиялык жана серотонинге каршы таасир көрсөтпөйт. Дарылык дозаларда дээрлик седативдүү натыйжа көрсөтпөйт. Левоцетиризин гистаминди куюуда аллергиялык реакцияларды, суук аллергияларда атайын аллергендерди басаңдатат, бронхиалдык астмада бронхоконстрикцияны азайтат. БНС таасир көрсөтпөйт. Адренергиялык 5-НТ-рецепторлор менен өз ара таасир этпейт. Левоцетиризин ЭКГ га Q—интервалынын узундугуна таасир этпейт.
*Фармакокинетикасы:*
Фармакокинетикасы сызыктуу мүнөздү алып жүрөт. Ичип кабыл алууда тезинен сиңирилет; тамак-ашты кабыл алуу сиңирүүнүн толуктугуна таасир көрсөтпөйт, бирок анын ылдамдыгын төмөндөтөт. Биожеткиликтүүлүк - 100%. Максималдуу концентрацияга жетүү убактысы (ТCmax) - 0,9 саат, максималдуу концентрация (Cmax) - 207 нг/мл. Бөлүштүрүү көлөмү - 0,4 л/кг. Плазманын белоктору менен байланышуу -90%. Препараттын 14% дан азыраагы фармакологиялык жактан активдүү эмес метаболитти пайда кылуу менен, О-дезалкилирлөө жолу аркылуу зат алмашат. Жарым жартылай бөлүнүү мезгили (Т1/2) - 7-10 саат. Жалпы клиренс - 0,63 мл/мин/кг. Организмден толугу менен 96 сааттын ичинде бөлүнүп чыгат. Бөйрөктөр менен бөлүнүп чыгат (85,4%). Бөйрөк алсыздыгында (креатининдин клиренси 40 мл/минутадан азыраак) клиренс төмөндөйт (гемодиализде болгон бейтаптарда - 80% га), Т1/2 -узарат. 10%дан азыраагы гемодиализдин жүрүшүндө жок болот. Эне сүтүнө өтөт.
**Колдонууга көрсөтмө**
- Мезгилдүү жана персистирлөөчү аллергиялык ринит;
- өнөкөт идиопатиялык бөрү жатыш;
- Квинке шишимиги;
- теринин кычышуусу;
- тамак-ашты, дары каражаттарын жана башка аллергендерди кабыл алуу менен пайда болгон аллергиялык реакциялар, курт-кумурскалардын чакканына аллергиялык реакциялар;
- кычыштыруучу дерматоздорду комплекстүү дарылоодо (атопиялык дерматит, экзема, байланыш дерматити жана башкалар);
- бронхиалдык астма.

**Каршы көрсөтмө**
- Левоцетиризинге же препараттын башка курам бөлүктөрүнө жогорку сезгичтүүлүк;
- оор бөйрөк алсыздыгы (креатининдин клиренси - 10 мл/минутадан азыраак);
- кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде;
- 2 жашка чейинки балдарга.

**Колдонуу жолу жана дозалар**
Сетимед сироп түрүндө *2 ден 6 жашка чейинки курактагы балдарга дайындалат:* 2,5 мг дан бир же эки кабыл алуу.
*Чоңдорго жана 6 жаштан жогорку балдарга, улгайган бейтаптарга* сунушталган (бөйрөктөрдүн нормалдуу функцияларында) – күнүнө 5 мг дан.
Кабыл алуунун узактыгы оорудан көз каранды. Чөп ысыгынын дарылоо курсу *(поллиноза)* — 1 ден 6 жумага чейин. *Өнөкөт аллергиялык ооруларда* дарылоо курсу 12 айга чейин созулат.
Левоцетиризин организмден бөйрөктөр аркылуу бөлүнүп чыккандыктан, препаратты бөйрөк алсыздыгы менен бейтаптарга жана улгайган курактагы бейтаптарга дозанын КК өлчөмүнө жараша оңдоп түзөтүү керек.
**Кыйыр таасирлер**
*Нерв системасы тарабынан*: баш оору, уйкусуроо, чарчаңкы болуу, алсыздык.
*Жүрөк кан – тамыр системасы тарабынан*: жүрөктүн согушун сезүү.
*Көрүү органы тарабынан*: көрүүнүн бузулушу.
*Гепатобилиардык системасы тарабынан*: гепатит.
*Иммундук системасы тарабынан*: гиперсезгичтүүлүк, анын ичинде анафилаксия, ангионевротикалык шишимик.
*Дем алуу органдары тарабынан*: демигүү.
*Тамак-аш сиңирүү жолу тарабынан*: ооздун кургашы, көңүл айнуу.
*Тери жана тери алдындагы клетчатка тарабынан*: кычышуу, бөртмө, бөрү жатыш.
*Башкалар:* дене салмагынын жогорулоосу, ичтин оорусу, миалгиялар, боор сынамдарынын көрсөткүчтөрү өзгөрүүсү мүмкүн.
**Ашыкча доза**
*Симптомдор*: уйкусуроо, баш оору, ооздун кургашы, көңүл айнуу, эпигастралдык аймактагы оору.
*Дарылоо:* ашказанды жууп тазалоо жана андан нары симптоматикалык дарылоону жүргүзүү менен сорбенттерди кабыл алуу. Гемодиализ жолу аркылуу 10% дан азыраак левоцетиризин бөлүнүп чыгат.
Спецификалык антидот жок. Гемодиализ натыйжалуу эмес.
**Дарылык өз ара таасирлер**
Теофиллин менен препаратты чогуу бир убакта кабыл алуу левоцетиризиндин жалпы клиренсин төмөндөтөт. Левоцетиризиндин кетоконазол менен жана макролиддер менен чогуу бир убакта кабыл алууну изилдөөдө электрокардиограммаларда жүрөк ишинин ишенимдүү өзгөрүүсү байкалган эмес. Левоцетиризинди борбордук нерв системасынын функциясын басаңдатуучу препараттар менен (транквилизаторлор, трициклдик антидепрессанттар, МАО ингибиторлору) жана алкогол менен чогуу бир убакта кабыл алуу уйкусуроону козгошу ыктымал.
**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Препаратты бир эле убакытта үзгүлтүксүз кабыл алуу керек. Препарат кээ бир оорулууларда уйкусуроонун себеби болуп саналат, ошондуктан аны кечинде кабыл алуу сунушталат. Эгерде бейтап препаратты өзүнүн убактысында кабыл алууну унутуп калган болсо, аны тезинен кабыл алуусу керек. Эгерде кийинки дозаны кабыл алууга бир нече гана саат калган болсо, анда мурунку кабыл алуучу дозаны өткөрүп жиберүү керек жана схема боюнча кийинки дозаны гана кабыл алуу зарыл.
Өнөкөт бөйрөк алсыздыгында этияттуулук менен колдонуу керек (дозалоо режимин оңдоп түзөтүү керек).
Тамак-ашты кабыл алуу, сиңирүү деңгээлине таасир этпейт, бирок анын ылдамдыгын төмөндөтөт. Препарат сахарозаны камтыгандыктан, фруктозаны туубаса көтөрө албаган, глюкозаны/галактозаны сиңирүүнүн бузулуу синдрому менен жана сахарозанын/изомальтозанын жетишсиздиги менен бейтаптарга препаратты кабыл алуу сунушталбайт.
**Чыгаруу формасы**
Янтар түсүндөгү пластик бөтөлкөдө ичип кабыл алуу үчүн 50 мл сироп.
Бир бөтөлкө 10 мл өлчөм стакан жана колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакчада.
**Сактоо шарты**
25°С дан жогору эмес аба табында, кургак жарыктан корголгон жерде сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Тоңдурууга болбойт.
**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.
**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
Vegapharm LLP
Suite 1, 5 Percy Street,
London, W1T 1DG, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү/Manufactured by:**
Next Wave (India)
Rampurghat Road, Paonta Sahib,
Distt. Sirmour, Himachal Pradesh, India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүмдүн (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Шоорукова көч. 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com